Аскер уулу Нурлан атындагы жалпы билим берүү орто мектеби

**Класстык саат**

# Тема:« Кесипти туура тандаганың-бакытка жол ачканың »

**11-класс**

**Мугалим:Койчукенова Ч.К.**

**Сабактын темасы: «Кесипти туура тандаганың-бакытка жол ачканың»**

**Сабактын максаттары:**

1.Кесиптердин типтери жөнүндө маалымат алып,аларды бири-биринен айырмалай алышат

2.Заманбап кесиптердин аттары жана алардын мааниси менен тааныша алышат

3.Өздөрүнө жаккан кесипти тандоону үйрөнүшөт жана кесипти тандоого аракет кылышат

**Сабактын формасы**:Көрсөтмөлүү сабак

**Сабактын жабдылышы**:Видео,түстүү сүрөттөр,кызыктуу тапшырмалар

**Сабактын жүрүшү**

Мугалим окуучулар менен саламдашат,окуучулардын даярдыгын текшерип,сабакты баштайт.

**1**.Ийгилик жараткан ар кайсы кесиптин ээлери чагылдырылган видео көрсөтүлөт.Балдар.силер видеодон эмнелерди көрө алдыңар?

Ийгилик деген эмне? Бир акылман: Ийгилик деген эмне деген суроого мындай жооп берген.Ийгилик-бакыттын ачкычы эмес.Бакыт ийгиликтин ачкычы.Эгерде сиз жасап жаткан жумушунузду сүйсөңүз,сөзсүз ийгиликке жетесиз.

Чындыгында,адамдын жашоодогу ийгилиги туура тандалган кесибине байланыштуу экен.Бүгүнкү биздин класстык саатыбыздын темасы: «Кесипти туура тандаганың-бакытка жол салганың» деп аталат.

Балдар,силер келечектеги кесибинерди тандадынарбы?

Бүгүнкү алган билиминер жашоодогу негизги тандооңорго силердин кесипти тандооңорго жардам берет деп ишенем.Көпчүлүк мектеп окуучулары жана алардын ата-энелери үчүн кесип тандоо чыныгы сыноого жана кээ бир учурда стресске айланат.Анткени силердин келечектеги жашоонор кайсы кесипти тандагандан көз каранды.Келечекте кесибинен көңүл калбоо үчүн кантип туура тандоо керек? Өзүңө жаккан,ал жака барганда жагымдуу болуп ошол эле учурда жакшы акча- табууга боло турган жумушту кантип табууга болот? Тандаган кесиптен кантип ырахат алса болот?

Бул суроолорго сабак учурунда жооп бергенге аракет кылабыз.

**2.Бир мүнөттүк тыныгуу**

Балдар,депетерди алып,1 мүнөттүн ичинде,мүмкүн болушунча,көбүрөөк,силер билген кесиптин аттарын жазганга аракет жасагыла.

Балдар,бүгүн биз кесип(профессия) жөнүндө кеп кылып жатабыз.Силер билесиңерби? Профессия-бул латын сөзү.Professio- «мен өз жумушумду жарыялайм» дегенди билдирет.Белгилүү бир деңгээлдеги даярдыкты талап кылган жана адатта,киреше булагы катары кызмат кылган адамдын эмгек ишмердүүлүгүнүн түрү.

**3.**Орус психологу Климов Евгений Александрович баардык кесиптерди 5 түргө бөлгөн.

1.Адам-Адам (бул кесиптин тиби дайым адамдар менен байланышууну талап кылат.Алар:мугалим,дарыгер,тарбиячы,чачтарач,юрист ж.б.)

2.Адам-Жаратылыш(бул чөйрөдө иштеген адамдар жаратылышты жактырышат.Булар агроном,ветеринар,геолог,мал чарба техниги,багбандар)

3.Адам-Техника (инженер,байланыштыруучу,механик,электрик,куруучу)

4.Адам-Белги тутуму(программист,редактор,эсепчи,финансист,экономист)

5.Адам-Көркөм образ(өнүккөн элестетүү,кыялдануу жана таланты болушу керек. Булар зергер,музыкант,сүрөтчү.жазуучу ж.б.)

**4.**Эми балдар,кесиптерди ирээтте деген тапшырманы аткарабыз.Экранда кесиптердин түрлөрү эркин абалда жайгашкан.Силер аларды кесиптин түрлөрүнө жараша бөлүштүрүшүңөр керек.

**5.Мини тест «Сен кимсиң?»**

Экранга көңүл буруп каалаган бир геометриялык фигураны тандагыла.

Психологдордун айтымында силер тандаган фигуралар болжолдуу түрдө силер келечекте ким болооруңарды билдирет экен.Фигуралардын тандалышына жараша болжолдуу түрдө силерге кайсы кесип төп келээрин байкайлы.

Албетте бул тест эч нерсени чечпейт.Акыркы тандоо ар дайым силерде.

Балдар,сабакта көптөгөн кесиптер аталды,ошолордун ичинен кантип туура кесипти тандоо керек экендиги силер үчүн кызыкпы?

**6**.Анда эмесе, экрандагы туура кесип тандоонун илимий формуласына көңүл бурабыз.

**7**.Эми,балдар дүйнөдө кандай заманбап кесиптер бар экенин билип алалы.

**Аудитор** **Имиджмейкер** **Рекрутер**

**Спичрайтер** **Клипмейкер** **Риелтор**

**Валеолог** **Экспедитор**

**8**.Өз кесибинен ийгилик жараткан Кыргызстандын белгилүү адамдарынын сүрөттөрү көрсөтүлүп,ийгиликтери айтылат.

Кесипти туура тандоодо дагы бир эске алуучу нерсе бул кесиптин актуалдуулугу

**9**.Кыргызстандагы актуалдуу болгон кесиптер жөнүндө маалымат берилет.

Саламаттыкты сактоо тармагында;анестезиолог,психолог,соттук-медициналык эксперт,остеопатолог,трихологдор

Маданият тармагында;экономисттер,юристтер,каскадерлор,гримерлор

Спорт тармагында;спорттук диетолог,антидопинг боюнча кадрлар ж.б.

Ошентип,сабактын жыйынтыгында биз эмнелерди биле алдык.

Бүгүнкү сабакта силер кесиптердин түрлөрү жөнүндө маалымат алдынар,аларды бири биринен ажырата алдыңар;

Биз өзүбүзгө жаккан кесипти туура тандап алууну үйрөнүп,өзүбүзгө кесип тандоого аракет кылдык;

Заманбап кеситердин аттарын жана алардын маанисин билдик;

**Үйгө тапшырма**:Келечектеги кесибиңер жөнүндө эссе жазып келгиле.


Келечектеги кесибиңерди туура тандап,ийгиликтүү адам болушуңарды чын жүрөктөн каалайм!



***Климов Евгений Александрович***

**АДАМ-АДАМ** | **АДАМ-ЖАРАТЫЛЫШ** | **АДАМ-ТЕХНИКА** | **АДАМ-БЕЛГИ ТУТУМУ** | **АДАМ-КӨРКӨМ ОБРАЗ**













# АДАМ - ЖАРАТЫЛЫШ








# АДАМ - ТЕХНИКА











# АДАМ – БЕЛГИ ТУТУМУ




# АДАМ – КӨРКӨМ ОБРАЗ






Мини – тест «Сен кимсиң?»
ЖАРАТЫЛЫШКА БАЙЛАНЫШТУУ БАРДЫК КЕСИПТЕР
агроном
геолог
зоолог
багбан
эколог


Мини – тест «Сен кимсиң?»
дизайнер
юрист
мугалим
психолог
инженер
актер
менеджер
ашпоз
кондитер
шыбакчы
маркетолог
сүрөтчү


Мини – тест «Сен кимсиң?»
салык кызматкери
юрист
мугалим
психолог
инженер
эсепчи
биржалык брокер
коммерциялык директор
ашпоз
соода агенти
маркетолог
брокер


Мини – тест «Сен кимсиң?»
салык кызматкери
ширетүүчү
администратор
нотариус
инженер
эсепчи
программист
айдоочу
кондитер
таш жаруучу
социалдык кызматкер
референт


Мини – тест «Сен кимсиң?»
тырмак жасалгалоочу
бармен-официант
администратор
психолог
медайым
мугалим
сүрөтчү
катчы
камсыздандыруучу агент
тарбиячы
социалдык кызматкер
сатуучу




| МЕН – КААЛАЙМ | МЕН – ЖАСАЙ АЛАМ | МЕН – ТАНДАЙМ |
| --- | --- | --- |
| Кайсы кесипке ээ болгуң келет, ошол кесипти танда. | Өз мүмкүнчүлүктө-рүңдү эске ал. | Эмгек рыногун изилде. |

# «Кесиптин типтери»

**Кесиптерди типтери боюнча таблицага жайгаштыргыла.**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Айдоочу | куруучу | биолог | оператор ПК | эсепчи | дизайнер |
| социалдык кызматкер | журналист | кассир | сот | | |
| эколог | кен казуучу | геолог | тарбиячы | физик | врач |
| мугалим | вокалист | слесарь | зоотехник | декоратор | визажист |



# «Кесиптин типтери»

**Кесиптерди типтери боюнча таблицага жайгаштыргыла.**

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| социалдык кызматкер | кен казуучу | биолог | оператор ПК | дизайнер |
| мугалим | Айдоочу | геолог | эсепчи | декоратор |
| сот | куруучу | зоотехник | кассир | вокалист |
| тарбиячы | слесарь | эколог | физик | визажист |
| врач | | | | журналист |



# ЭКСПЕДИТОР

Жеткирүүчүлөрдөн ар кандай товарларды кабыл алуу, ташуу (коштоо) жана кардарларга өз убагында жеткирүү менен алектенет, материалдык жана акчалай баалуулуктардын сакталышын камсыз кылат, товарларды кабыл алуу жана жеткирүү боюнча документтерди даярдайт.





# СПИЧРАЙТЕР

Саясий лидерлерге, ири компаниялардын жетекчилерине, шоу-бизнес ишмерлерине сөз даярдайт. Бул учурда текст (тили, стили, ойлордун структурасы) аны айта турган адамдын образына дал келиши керек.


# РИЕЛТОР

Кыймылсыз мүлктү ижарага алуу, сатып алуу жана сатуу боюнча адис. Жер тилкелер, имараттар, курулмалар, турак жай жана турак эмес жайлар жана аларга болгон укуктар менен жарандык бүтүмдөрдү жүргүзөт.



## КЛИПМЕЙКЕР

Коммерциялык же башка чыгармачыл буйрутманы иштеп чыгуу жана өндүрүү менен алектенет. Тасмага тартуу үчүн актерлорду тандоого жетекчилик кылат, ар бир тартылуу күнүн уюштурат жана жөнгө салат, тартылып бүткөн кадрларды түзөтөт, жараткан чыгарманын бет ачарын өткөрөт.




## ИМИДЖМЕЙКЕР



Саясий, жарнамалык жана башка максаттарга жетүүдө эмоционал-дык, психологиялык таасир көрсөтүү үчүн адамдын (кубулуштун,компаниянын) имиджин түзөт.

## ВАЛЕОЛОГ

Адамдардын ден-соолугун сактоо масе-лелери менен алек-тенет; эмгекти коргоо, эргономика жана пси-хогигиена жаатында иштейт.



## ӨЗ КЕСИБИНЕН ИЙГИЛИК ЖАРАТКАН ИНСАНДАР

450дөн ашык илимий иштин автору. 35тен ашык илимдин кандидатын, 6 илимдин докторун чыгарган. 100дөн ашык илимий ачылыштарды жасап, алар патенттелген. Жеке өзү 23 миңден ашык адамга, окуучулары менен 150 миңден ашык кишиге операция жасаган. Мындан тышкары 1 миллиондон ашык бейтапка кеңеш берген.

Жумабековдун буттун сөөгүн 31 сантиметрге чейин өстүргөн эмгеги Гиннес китебине сунушталган.



Сабырбек Жумабеков
травматолог-ортопед

## ӨЗ КЕСИБИНЕН ИЙГИЛИК ЖАРАТКАН ИНСАНДАР

Кыргызстандык 26 жаштагы Тилек Мамутов интернет дүйнөсүндөгү гиганттардын бири - Google компаниясында иштейт.



Тилек Мамутов

## ӨЗ КЕСИБИНЕН ИЙГИЛИК ЖАРАТКАН ИНСАНДАР

Медицина илиминин доктору, профессор Мамбет Мамакеев "Гиннестин рекорддор китебине" кирди.

Мамакеев эң көп убакыт иштеген хирург катары катталган. Анын хирург катары иштеген убактысы 67 жыл 181 күн деп белгиленген.



Мамбет Мамакеев

# КЫРГЫЗСТАНГА ЗАРЫЛ КЕСИПТЕР

**Саламаттык сактоо тармагы.**

Медицинада үй-бүлөлүк дарыгер, анестезиолог, психолог, соттук-медициналык эксперт, остеопатолог, профтолог, клиникалык фармакологдор, трихолог (чач, тери боюнча дарыгер) жетишпейт, башкача айтканда, дал ушул кесиптерге суроо-талап жогору.








---

# КЫРГЫЗСТАНГА ЗАРЫЛ КЕСИПТЕР

**Маданият тармагында**

Маданий иш-чаралардын чыгымы менен кирешесин эсептей алган экономист, автордук укук менен алектенген атайын юристтер, жогорку билимдүү каскадёр, жарык берүүчү жана гримёрлор жетишсиз.



